| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**<br>**ЫЛАЙ-ТАЛАА**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 2-октябры, № 15/3 — Ылай-Талаа айылы

**Ылай-Талаа айылынын 4-бөлүмүнүн аймагында жайгашкан туура көчөгө Ылай-(маркум) Бейшебаев Бакынын ысымын ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-мартындагы № 149 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Административдик-аймактык түзүлүш жана географиялык аталыштар маселелерин карoo боюнча ведомстволор аралык комиссиянын иши жөнүндө" Жобонун талаптарына ылайык айыл аймагындагы Ылай-Талаа айылынын 4-бөлүмүнүн жашоочуларынын жалпы жамаатынын 2026-жылдын 14-сентябрындагы жыйынынын № 1 протоколун карап чыгып айылдык кенештин мыйзамдуулук, укук тартиби, коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиянын сунушунун негизинде Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Ылай-Талаа айылынын 4-бөлүмүнүн аймагында жайгашкан туура көчөгө Бейшебаев Бакынын ысымы ыйгарылсын.

2.Бейшебаев Бакынын ысымы ыйгарылган көчөнүн абалын талапка ылайык деңгээлде болушун камсыздап, аталышын жаздырып, үйлөргө номерлерин илдирип, түнкү жарыктандыруу, шагыл төшөө маселелерин чечип берүү, дайыма көзөмөлдөп туруу жагы анын уулу Бейшебаев Сыныбек Бакыевичке милдеттендирилсин.

3.Ушул токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин жооптуу катчысына милдеттендирилсин.

4.Токтом расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

5.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин мыйзамдуулук, укук тартиби, маданият, билим берүү, саламаттыкты сактоо, кеңештердин иштери, депутаттык этика, коомдук уюмдардын, саясий партиялардын жана дин иштери боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы О.Абдимажит уулу) тапшырылсын.

**Төрага** **А.Мойдунов**